КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛАСТЫ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
ТҮГӨЛ-САЙ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
ТҮГӨЛ-САЙСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

722115, Түгөл-Сай айылы
Т.Жээналиев көч 23
тел.: +(996) 504160885

722115, с Тугель-Сай
ул.Т.Жээналиева 23
тел.: + (996) 504160885
tugolsaiao@mail.ru

722115 Tugolsai ,
Str.,T.Jeenaliev23,
tel.:+ (996) 504160885

Нарын облусу, Жумгал району, Түгөл-Сай айылы.
2023-жылдын 18 -сентябры

**ТҮГӨЛ-САЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ТҮГӨЛ-САЙ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ 26-СЕССИЯСЫНЫН ТОКТОМУ № 50**

Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54Жарлыгы боюнча Түгөл-Сай айылаймагында иштелип чыккан Жобону бекитип берүү боюнча

Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54Жарлыгы боюнча Түгөл-Сай айылаймагында иштелип чыккан Жобону бекитип берүү боюнча бириктирилген Түгөл-Сай Таш-Дөбө айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 28-мартындагы №16 токтому менен бекитилген Жобосун жактырып,бекитүү боюнча кезексиз сессия **токтом кылат:**

1.Кыргыз Республикасынынүй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүубоюнча чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 Жарлыгы боюнча бириктирилген айыл өкмөтүнүн иштелип чыккан Жобосу бекитилип берилсин. (Жобо тиркелет)

2.Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы социалдык кызматкер жана социалдык маселелер боюнча башкы адиске милдеттендирилсин.

Төрага: Ишенбек уулу Жолдошбек

Түгөл-Сай айылдык
Кеңешинин
2023-жылдын
"18" сентябрындагы №50
токтому менен бекитилген

**Түгөл-Сай айыл аймагында үйлөнүү үлпөтүн, үй -бүлөөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш – чараларды өткөрүү тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

## I. Жалпы жоболор

Ушул Жобо Түгөл-Сай айыл аймагында үйлөнүү үлпөтүн, үй - бүлөлүк , маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп адаттарын жана иш чаралардыөткөрүү тартибин аныктайт.

Ушул жобо Кыргыз Республикасынын төмөнкү ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты:

Кыргыз Республикасынын Конституциясына;

"Жергиликтүү мамлекеттик админстрация жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына;

Кыргыз Респуликасынын Президентинин 2022-жылдын 24- февралындагы ПЖ №54 "Кыргыз Республикасында үй бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" жарлыгына;

Түгөл-Сай айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставына.

3. Ушул Жободо төмөнкү негизги түшүнүктөр жана терминдер пайдаланылат:

**маркумду жерге коюу иш-чаралары-** өлгөн адамдын сөөгүн коюуга байланышкан үрп-адаттардын жана аракеттердин жыйындысы (куран окутуу, 40 күндүк ,жылдык, ж.б )

## II. Жобонун максаты жана милдеттери

4. Ушул Жобонун максаты жарандардын социалдык кызыкчылыктарын коргоо жана жарандардын экономикалык кызыкчылыктарына жана моралдык негиздерине олуттуу зыян келтирген ашыкча чыгымга жана ысарапкерчиликке жол бербөө чараларын белгилөө болуп саналат.

5. Ушул Жобонун милдеттери үйлөнүү үлпөтүн, үй бүлөөлүк, маарекелик,салтанаттарды, маркумду жерге коюу,маркумду эскерүү үрп адаттарын жана иш чараларды өткөрүүнү тартипке келтирүү, ошондой эле

калк арасында алардын маңызын жана маанисин туура түшүнүүнү калыптандыруу болуп саналат.

### III.Ушул Жобону ишке ашырууну контролдоо боюнча комиссия

6. Ушул Жобону ишке ашыруу үчүн Түгөл-Сай айыл өкмөтүнүн алдында Үйлөнүү үлпөтүн, үй бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды өткөрүү тартипке келтирүү боюнча туруктуу комиссия түзүлөт.

7. Комиссия түзүмү:

1)Комиссиянын жетекчилиги (Түгөл-Сай айыл өкмөтүнүн башчысы) (жоопту катчысы)

2)Комиссиянын мүчөлөрү: Түгөл-Сай айылдык кеңешинин депутаттары,Түгөл-Сай айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү, айыл башчысы, айыл тургундары, дин кызматкерлери ж.б

8. Комиссия түзүү жана анын курамы жөнүндө чечим Түгөл-Сай айылдык кеңеши тарабынан бекитилет. Комиссиянын сандык курамы ушул Жобону ишке ашыруу бонча аткарылуучу иш-чаралардын көлөмүн эске алуу менен Түгөл-Сай айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушу боюнча бекитилет.

9. Комиссиянын ишин уюштуруучулук формасы болуп Комиссиянын отуруму саналат. Эгер отурумга Комиссиянын мүчөлөрүнүн кеминде жарымы катышса, аны өткөрүүгө укутуу деп эсептелет. Комиссия мүчөлөрүнүн отурумуна катышкандардын жарымынан көбү добуш берсе, чечим кабыл алынды деп эсептелет.

10. Комиссия төмөнкү функцияларды аткарат:

-ушул Жобонун талаптарына ылайык үйлөнүү үлпөтүн, үй бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттардын жана иш- чараларды өткөрүүгө контроль жүргүзөт;

-үйлөнүү үлпөтүн, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу,маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды өткөрүүнү тартипке келтирүү маселелери боюнча Түгөл-Сай айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандардын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылат;

-үйлөнүү үлпөтүн, үй бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу,маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды өткөрүүгө ысрапкерчиликке жол бербөө жөнүндө калк арасынада маалыматтык-түшүндүрүү иштери уюштурулат;

- үйлөнүү үлпөтүн, үй бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу,маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды өткөрүү боюнча алдыңкы тажырыйбаларды жайылтат;

-Түгөл-Сай айыл аймагындагы жеке жана юридикалык жактардан ушул Жобонун аткарылышын талап кылат.

## I V. Үйлөнүү үлпөт, үй- бүлөлүк, маарекелик салтанаттар

11. Үй бүлөлүк, маарекелик салтанаттар жана иш-чаралар 100дөн көп эмес киши чакыруу менен өткөрүлөт.

12. Үйлөнүү үлпөт салтанаты бир күндүн ичинде 200 кишиге чейинкиге банкет менен өткөрүлөт.

13. ЗАГС органдарында никени малекеттик каттоо аземи 4 төн көп эмес жеңил авто унааны колдонуу менен өткөрүлөт.

14.Үйлөнүү үлпөтү, үй-бүлөлүк,маарекелик салтанаттар, үрп-адаттар жана иш-чаралар дем алыш күндөрү 8.00 дөн 23.00 гө чейин, ал эми иш күндөрү 18.00дөн 22.00гө чейин өткөрүлөт.

## V. Маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү урп-адаттары жана иш чаралары

15. Маркумду жерге коюу үрп-адаттары жана иш-чаралары (“жаназа” үрп-адаты ) 1 (бир) баштан ашпаган бодо мал (уй же жылкы) же 3 (үч) баштан ашпаган кой союуга уруксаат берилет жана катышуучулардын санын чектебестен өткөрүлөт.

16. Маркумду көмүү маркумдун денесин (сөөгүн) үйгө жеткирген же адам өлгөн учурдан тартып бир суткадан кечиктирилбестен жүргүзүлөт.

17. Маркумду эскерүү үрп-адаттары жана иш-чаралары ( куран окутуу,40 күндүк,жылдык ж.б.) бодо мал, жылкы жана кой союлбастан 100 дөн кем эмес киши чакыруу менен өткөрүлөт.

## VI. Ушул Жобону аткаруу боюнча жеке жана юридикалык жактардын милдеттери

18. Жеке жана юридикалык жактар үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды , маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды Комиссияны милдетүү түрдө кабарландыруу аркылуу ушул Жобонун талаптарын сактоо менен өткөрүүгө милдеттүү.

19. Түгөл-Сай айыл аймагындагы кафе жана ресторандардын администрациялары пландалган салтанаттар, маркумду жерге коюу жана маркумду эскерүү иш-чаралары туралуу Комиссияны жана ички иштер органдарын иш-чарага чейин бир күн кечиктирбестен жазуу жүзүндө кабарландырууга милдеттүү.

20. Жеке жана юридикалык жактар ушул Жобонун талаптарын сактабагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылат. Ушул Жобону бузууга жол бербеген адамдар жөнүндө маалымат Түгөл-Сай айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жайгаштырылат.

## VII. Кортунду жобо

21. Ушул Жобо, ага толуктоолор, өзгөрүүлөр Түгөл-Сай айылдык кеңеши тарабынан бекитилет.